КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР- КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

*Базар-Коргон шаары*

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын**

# К О Р У Т У Н Д У У С У

Базар-Коргон шаардык кенешинин торагасы К.Анарбеков виза менен Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына чыгырган катында Базар-Коргон шаардык мэриясы тарабынан аймактагы спорттук инфраструктураны өнүктүрүү жана жаштарды массалык спортко тартуу багытында бир катар иштер жүргүзүлүп келүүдө.Базар-Коргон шаарына караштуу Совет айылындагы кичи футбол аянтчасы бүгүнкү күндө райондук жана областтык деңгээлдеги спорттук мелдештерди өткөрүүгө пайдаланылып, жергиликтүү жаштар жана спортчулар үчүн маанилүү машыгуу жана мелдеш өткөрүү базасы катары кызмат кылууда.Учурда аталган аянтчанын абалы колдонууга жарактуу болгону менен, заманбап талаптарга ылайык жаңылоо жана модернизациялоо зарылдыгы жаралууда. Аянтчаны жаңылоо аркылуу спорттук иш-чараларды жогорку деңгээлде өткөрүүгө шарт түзүлүп, жаштарды спортко кеңири тартууга, саламат жашоо образын жайылтууга жана аймактагы спорттук инфраструктураны өнүктүрүүгө олуттуу салым кошулат.Ушуга байланыштуу, Совет айылындагы кичи футбол аянтчасын модернизациялоо жана жаңылоо боюнча долбоорду ишке ашыруу максатында аталган маселени Базар-Коргон шаардык кеңешинин сессиясынын кароосуна киргизип, тиешелүү токтом кабыл алуу аркылуу Жалал-Абад облусунун Өнүктүрүү фондуна каржылоо үчүн долбоор сунуштоо маселесин карап берүүнү суранган.Бул долбоор ишке ашкан учурда аймактагы жаштар үчүн заманбап спорттук шарттар түзүлүп, райондук жана областтык деңгээлдеги спорттук мелдештерди өткөрүү мүмкүнчүлүктөрү кеңейт. Ушул доолбордун жалпы суммасы 18 000,0 (он сегиз миллион ) сом, Жалал-Абад облусунун Онуктуруу фонду тарабынан 16 200,0 ( он алты миллион эки жуз мин ) сом, Ошондуктан Базар-Коргон шаар мэриясынын 2026 жылкыга Долбоор жана Фонддор боюнча иштөө үчүн болунгон акча каражатынан 1 800,0 ( бир миллион сегиз жуз ) мин сом болуп беруу жагы шаардык кеңештин сессиясына сунуш кылынсын.

Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиянын торагасы жана мүчөлөрү:-

Марамов С.Ш.

Абдисаматова Р.Я.

Базаркулова Г.К.

Мирзаахмедов Т.Н.

Джамалдинов З.М.

Минбаев Н.К.

Токоев Б.Б.

Насиридинов Э.

Мажиев Н.Т.
Малик уулу К.
Калдаров Т.Д